УДК 894.341О+82 –1

Н.А. МОЛДАЛИЕВА

N.A.MOLDALIEVA

*E.mail. ksucta@elcat.kg*

# АЛЫКУЛ ОСМОНОВ – КЫРГЫЗ ПОЭЗИЯСЫНЫН КЛАССИГИ

# А. ОСМОНОВ - КЛАССИК КЫРГЫЗСКОЙ ПОЭЗИИ

# A. OSMONOV IS A CLASSIC OF KYRGYZ POEM

*Бул макала кыргыз поэзиясынын классиги, акын А.Осмоновдун 100 жылдыгына арналат.*

***Ачкыч сөздөр**: акын, мекен, Ысык-Көл, поэзия, классик.*

*Статья посвящена к 100 летию классика кыргызской поэзии, поэту Алыкулу Осмонову*

***Ключевые слова**: поэт, родина, Ысык-Көл, поэзия, классик.*

*The article is devoted for Kyrgyz poesy, classic A. Osmonov's 100 years.*

***Keywords**: poet, birthplace, Issyk-Köl, poetry, classic.*

Мен өзүмдү бир кылымдан карасам,
Тээ алыста чаң ызгыткан шаң чыгат.
Өлбөстүктүн өжөр эркин талашкан
Эрдигинен нечен тирүү жан чыгат.

Менин күнүм кирген суудай күрүлдөйт,
Күзүн күтүп, мөмөсүнөн күбүлбөйт.
Ыза кылып жарыкчылык дүйнөнү,
Карыганда жаш уландай бир гүлдөйт.
Таштан болор, кумдан болор төшөгүм,
Аз болсо да сыртта калар сөздөрүм.
Өлсөм дагы жара тээп мүрзөмдү
Буудан болуп таскак салып өтөрмүн.

Жүрөк титиреткен бул саптар таланты таш жарган акын Алыкул Осмоновго таандык[1]. Бул саптарды окуганыңда акын тирүү бойдон эле дагы деле сенин жаныңда тургансыйт. Анткени жогоруда ыр саптарында айтылгандай арадан бир кылым убакыт өтсө да акындын керемет таланты менен таза, чыныгы поэзиясы азыр да болсо жаныбызда. Жогорудагыдай жүрөк титиреткен чыгармалары аркылуу да, өмүрү менен да ар бир адамды терең ойлонтот. Алыкул Осмонов өтө кыска өмүр сүрсө да, кыргыз совет адабиятын, асыресе поэзиясын профессионалдык даражага көтөргөн, жаңы сапаттагы улуттук көркөм сөз казынасына салмактуу үлүш кошкон калемгер болгон. Анын ырлары кыргыз эли менен кошо көп жол басып, көп суу кечет. Алыкул – жалындуу патриот акын, ал өзүнүн поэтикалык күчүнө ишенген, өзүнүн ордун даана сезген акын болгон. Акындын мындай сапаттарын Кыргыз эл акыны, Токтогул атындагы мамлекеттик сыйлыктын лауреаты Сүйүнбай Эралиевдин :"Алыкул Осмонов кыргыз поэзиясын жаңы деңгээлге көтөрүү менен анын нукура профессионалдык өзөгүн түздү"- деп айткандары далилдейт. Алыкул кыргыз совет поэзиясынын алпы бойдон кала берет.

Александр Блок атайы Пушкинге арналган "Акындын милдети" деген макаласында : "Акын деген эмне? Ыр жазган адамбы? Албетте, жок. Ал ырлар жазган үчүн гана акын делип аталбайт; ал ыр менен жазат, б.а. сөз менен тыбыштарды гармонияга айлантат,

анткени акын – гармониянын уулу” – деп аныктама берген[5,348-б.]. Гармониялуу акындын жүрөгү өтө сезгич, көзү өткүр болот. Мындай асыл касиет даанышман акындарга гана тиешелүү. Биздин чоң тагдырлуу Алыкул Осмонов дал ошондой акындардын бири болгон. Ошондой эле ал өзүнүн поэтикалык күчүнө ишенген, өзүнүн ордун даана сезген акын болгон. Ал кыргыз поэзиясында туура жыйырма жыл талыкпай калем шилтеген. Анын чыгармачылык мурасы көп сандаган ырлар менен поэмалардан, котормолордон, пьесалардан курулат. Бирок ал мурастын чордондуу жери – оригиналдуу поэтикалык чыгармалар. Бул мезгилдин ичинде акын көп татаал белестерди ашкан, чыгармачылык азап-тозокту, запкыны аябай тарткан, ойдогудай телегейи тегиз ырларды жаза албай,таалайына-тагдырына ыраазы болбой, күнү-түнү колу кызып, бүгүнкү күндө бизге белек кылып калтырган, биз оозубуздан түшүрбөй мактап жүргөн ырларды биринин артынан бирин жазып, поэзиянын канатында Пегасты минип, дүйнөнүн атактуу акындарын кылдаттап окуп,үйрөнүп, көп иштеп, Ата Журт алдында жүзү жарык, татынакай, көөнөрбөс, канаттуу поэзияны калтырган.

Осмоновдун ысмы улуттук китепкөйлөрдүн аң-сезиминен ардактуу орун ээлеген. Анын мыкты ырлары, поэмалары, поэтикалык котормолору кайта-кайта басылып жатат, окуу китептеринен жана хрестоматиялардан түшпөй келет, айрым оригиналдууу жана котормо пьесалары республикалык театрларда коюлуп жүрөт. Айтор, Алыкулдун чыгармачылык мурасы калкыбыздын азыркы рухий дүйнөсүндө активдүү өмүр сүрүүдө. Осмоновдун поэтикалык китептери орус тилинде да бир нече жолу басылып чыгып, союздук окурмандардын энчисине айланып, көрүнүктүү советтик жазуучулардын жакшы баасын алган. Деги биздин акындын ысмы бүткүл өлкөлүк адабий чөйрөгө, асыресе улуттук адабияттардын тарыхый-теориялык маселелерин изилдеп жүргөн адистерге, акын-жазуучуларга, ыр ышкыбоздоруна тааныш.

Осмоновдун акындык табылгалары кыргыз совет поэзиясын жаратуучулардын кийинки муундарына күчтүү таасир тийгизди. Аны көзү тирүүсүндө эле айрым жаш акындар (Э.Узакбаев, С.Эралиев ж.б.) туурай башташкан. Көзү өтүп, акындык атагы катуу чыкканда, Осмоновду ээрчип ыр жазуу өзүнчө модага айланып, бир катар жылдар бою өкүм сүргөн[3].

Биздин поэзияга согуштан кийин, элүүнчү-алтымышынчы жылдары келгендердин арасында айтылуу акыныбыздан тике же кыйыр таасир албагандар, анын көркөм тажрыйбасынан азыктанбагандар жокко эсе. Алыкулдун ыр өнөрүнөн таасир, өрнөк алуу биздин адабий турмушта эмдигиче өксүй элек. Анын адабий мурасы акындык кесипке талпынгандар үчүн өрнөктүү таалим-тарбия мектеби катары кызмат өтөөдө (С.Жигитов). Жогоруда биз сөз кылгандай улуу адамдар кайталангыс таланты менен өздөрүн өлбөс кылып жаратышат. Алыкул дал ошондой таланттардын катарына кирет. Замандаш жана калемдеш жолдошторунан Алыкул  Осмоновдун таланты да, тагдыры да бөлөкчө болгондугун билбеген адам жок болсо керек. “Кудайга миң мертебе калп айтса да, ырына бир жолу да калп айта албаган” бул акын өзүнүн керемет поэзиясы аркылуу адамдардын жүрөгүнө жашоонун не бир ажайып сулуулугун, кымбаттыгын жеткире алган. А.Осмоновдун керемет поэзиясынын мазмуну ар түрдүү экендигин бардык окурмандар билет десек жаңылышпайбыз. Анткени акындын поэзиясы сансыз бутактуу дүпүйгөн чынар терек сыяктуу. Анда бирде Ата Журттун асылдыгы, ага деген ыйык сүйүү даңкталса, бирде өмүр менен өлүм бой тирешип тура калат да, анан акын өмүрдүн улуулугун жана түбөлүктүүлүгүн не бир түркүн кайрыктарга салат.

Акындын кимдиги, кандайлыгы анын ырынын санында, тематикасынын ар түрдүүлүгүндө эмес, баарынан мурда, ырга камтылган ой менен сезимдин күчтүүлүгүндө, жасалмалуу эмес, табигыйлыгында жатат. Улуу акын үчүн майда,  кичине нерсе деген болбойт, катардагы окурман үчүн билинбеген нерседен ал ааламды кучагына сыйдырып, адамды түйшөлтүп ойлонууга аргасыз кылган улуулукту көрө билет. А.Осмонов деле башка акындар эмнени ырдаса, ошол нерсе жөнүндө ырдаган, бирок башкача ырдаган. Акын чыныгы поэзияны жалтыраган кооз сөздөрдөн, же болбосо Ата Журт деп өпкө-

жүрөгүн  чаап, көкүрөк койгулоодон издебеген, анын поэзиясы ар бирибиздин жүрөгүбүздө уялаган, бирок оңой  менен айтып бере албаган букту, ойду таап , козгой билген.  Ошондуктан А.Осмоновдун ырларын окуганында, ал ырлар сенин жүрөк сезиминден жаралгандай болот. Акын адамдардын купуя жүрөк сезимин айттырбай туюп, билип тургандай. Осмоновдун ырларынын керемет сырлары дал ушунда.

Ар бир адамга Ата-Журту, өзүнүн туулуп өскөн жери кымбат, ага болгон сүйүүсү терең жана чексиз. А.Осмонов мындай ыйык сүйүүнү чыныгы жүрөгү менен баалап, көрө билген акындардын бири болгон. Акын өзүнүн бүткүл талантын Ата-Журтка арнаган ырларында көрсөткөн. Ал көөдөндөгү сүйүү чыдатпай жүрөктү жара тээп, ашып-ташыган учурда гана колуна калем алган. Акындын мындай ырларынан Мекенге деген таза сүйүүнүн ысык илеби уруп турат. Балкар эл акыны, Лениндик сыйлыктын лауреаты Кайсын Кулиев: ”Анын чыгармалары жашоого, киндик каны тамган мекенине жана адамдарга болгон терең урмат, сүйүүдөн туруу менен окурмандын оптимисттик ой-сезимин ойготот”- деп айтканыбар.  А.Осмоновдун да Ата-Журтун сүйүүсүнө чек коюп болбойт. Мекенсиз адам жок, анынмекен тууралуу ырларын окуганыңда  Ата-Журттун ыйыктыгы ачык көрүнөт , Ата-Журт менен акын бир-бирин ээрчишип жүргөн ата-баладай, эне-атаң сыяктуу көз алдыңа тартыла калат.

...Жылуу кийин, жолуң кыйын үшүрсүң,
Кыш да катуу... бороон улуп,кар уруп...
Суугуңду өз мойнума алайын,
Жол карайын, токтой турчу, Ата-Журт!

Бул саптар А.Осмоновдун белгилүү “Ата-Журт” деген ыр саптарынан. Ырдын алгачкы эки сабын окуганында анын Ата-Журтка арналып жатканын сезбейсиң, ал саптар кадимки эле камкор эненин жалгыз перзентин алыс сапарга узатып жаткандагы мээримин элестетет. Ырдын акыркы эки сабын окугандан кийин гана анын  Ата-Журтка арналып жатканын билесиң. Акындын жүрөгүндө Ата-Журтка деген сөз менен айтып жеткире алгыс ыйык сезим пайда болот да, туулган жердин элеси калдайып көз алдыңа келе түшөт. Ата-Журтту аргасыздан өзүңдүн эң бир жакын, эң ыйык адамыңдай элестетесиң. “Бүт дартыңды өз мойнума алайын, сен ооруба, мен ооруюн, Ата-журт!” деп, анын алдында адамдык парзыңды кылчактабай аткаргың келет. Ошентип акын Ата-Журттун кооздугун, кымбаттыгын да мактап отурбайт, сенсиз жашай албайм деп жалынып жалбарбайт. Бар болгону мээрман эненин күндө айтыла берип, анчалык элес да алынбай калган демейки сөзүн кайталоо менен гана чектелген. Бирок ушул карапайым сөздө камтылган чыныгы сүйүү бизди аргасыздан өзүнө багындырат. Ата-Журт ааламдагы эң ыйык нерсеге айланат. Мындан улам Алыкул Осмоновдун жаш кезинде бир ырында жазган :” Бир туулган элге беремин, жүрөктүн кесип жарымын”-деп, убада кылганы эске түшөт. Чындыгында эле таланттуу акын айткан сөзүндө бекем туруп, Ата-Журттун ызгаардуу суугун да, азабын да өз мойнуна алып, ырлары менен адал кызмат кылган.

Акындын “Ата-Журтун” өзүнүн жалгыз кызына арнаган “Бөбөккө” деген ырынан жана жалгыз уулун күтүүдөн тажабаган Миңбай чал жөнүндөгү “Жеңишбек” поэмасынан ажыратып кароого болбойт. Булар бири-экинчисин толуктап турат. Жазуучу-манасчы, Мамлекеттик Токтогул атындагы сыйлыктын лауреаты Ашым Жакыпбек :”Жеңишбек” поэмасы – Алыкулдун чолпону”-деп айтканы да бекеринен эместир. Бул ырын акын 1948-жылы 24-октябрда Чолпон-Ата шаарында жүргөндө жазган. Ырларынын көбү кереметтүү Ысык-Көлдө жүргөндө жазылганын  поэзия сүйүүчүлөрдүн бардыгы эле билсе керек. Эс алуучулардан көп эле угуп жүргөн, көңүлүнө жаккан жерге 1946-жылдын күзүндө келип, Чолпон-Атадан орун алган. Бул жердеги күзгү көлдүн көрүнүшү акынга чоң таасир тийгизген. Аны  Алыкул өмүр бою унута албай, сулуу кызга ашык болгондой, көлгө ашык болгон. Көлдү алгач көргөн акын анын таңына, шамалына, кереметине суктанган. Дагы бир сулуулукту көргөнү үчүн тагдырына да, заманына да ыраазы болуп, ал көрүнүштү ырларында жазып калтырган. Ошондон баштап, акын “Жайлай эгинимди асырадым. Эми түшүмүн алам”—деген дыйканча, не  Чолпон-Атага, не Жети-Өгүзгө, не Койсарыга  айлап

жатып алып, бир жагынан өзүнүн начарлап кеткен ден-соолугун чындаса, экинчи жагынан – "Эртең менен", "Кечке жуук", "чабыттап жем издеген ак барчындай сонундап", "үйүнө эки-үч сап болсо да ыр таап келген".

Алыкул Осмонов менен Ысык-Көл бири-биринен ажырашпай, ар дайым ата-баладай ээрчишип жүргөндөй сезилет. Акын көлгө жыйырмадай ыр арнаган, алар бири-экинчисин толуктап, көлдүн керемет сулуулугун алаканга салып берет. Мындай керемет коздукка суктанып, акын көл жээгинде дале ойлуу отургандай сезилет. Акын дайыма өзү менен өзү маектешкендей, өзү менен өзү сырдашкандай ойлуу, түнт жүргөн. Ошентсе да өзү менен өзү болгон ойчул акындын ички дүйнөсү жакшы пейилге, терең сырга бай болгон. Ал учу-кыйрына көз жеткис деңиз мейкиндигиндей – нукура акындык кыялдын канатын жая, бийиктикте шаңшыган көрөгөч кыраандай эле.

А.Осмонов адамдардагы мыкты өнөр менен касиетти кадырлап баалай билген, андай адамдардын даңкын чыгара ырдаган чоң талант болгон. Ал үчүн акындык милдет – бул адамдык милдет. Анткени акын үчүн адамдан, анын жашоосу менен турмушунан баалуу, кымбат эч нерсе жок. Алардын кымбаттыгы, улуулугу эмнеде? Адам өзүнүн улуулугун эч убакта жоготпойт, ал дүйнөнү өзгөртүүгө кудуреттүү, жашоонун баркын сезе билген бирден-бир акыл-эстүү, улуу зат. Ошондуктан качан да болсо Адам – инсан боюнча калат. (Инсан – личность, бүткүл дүйнөнүн ээси, туткасы да). Ал адамдарды сүйгөн, ошондой эле табиятты да, айрыкча Ысык-Көлдү сүйгөндүгү аны колдогон.

Адамдын өмүрү асыл, улуу, бирок кыска! Кыскалыгы аз келгенсип учкан октой тез да өтөт, өмүр өлүм менен алмашат. Өмүрү кыска болсо да Алыкул өзүнүн "таш идишке куюлган бактысынан" баарыбызга поэзиянын күчү, куту, кудурет-дарамети менен көөнөрбөс көркөм дөөлөттөрүн дайыма чачып туруу үчүн Толубай сынчыдан бешбетер жанын үрөп, ар бир чыгармасына саяпкерлик менен мамиле жасап иштеген экен[4].
Кыргыз эл жазуучусу, Сталиндик сыйлыктын лауреаты Түгөлбай Сыдыкбеков : "Акындын чыгармалары азыр эле жазылгандай жаңы жана маанилүү, мазмундуу. Ошондуктан, ырлары да Алыкулдун өзүндөй дайыма жаш бойдон кала бермекчи"- деп айтканындай акындын көзү жок болсо да, каухарга бергис ыр саптары окурмандар үчүн дагы деле жаш , жаңы эле жазылгандай кала берет.

**Адабияттар тизмеси**

1. Алымов Б. Биздин адабият [Текст] / Б. Алымов, Т.Саманчин.-Фрунзе: Мектеп, 1983.- 560 б.
2. Осмонов А.Чыгармалар жыйнагынын үч томдугу [Текст] / 1-том // А. Осмонов. Фрунзе: Кыргызстан, 1984. – 350 б.
3. Биялиев К.А. Кыргыз тили . [Текст] / К.А.Биялиев. – Бишкек: 2002. – 68 б.
4. Казыбаев П. Мезгил жана Алыкул [Текст] / П.Казыбаев. - Фрунзе: Адабият, 1990. – 74 б.
5. Блок А. Эки томдуу чыгармалар жыйнагы [Текст] / 2-том // А.Блок. – М.: Гослитиздат, 1955. – 348 б.